КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик университети

Ош ш., 723500, Ленин к.., 331,
Тел.: (+9963222) 72273, факс: (03222) 70915

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный университет

г. Ош, 723500, ул.Ленина, 331,
Тел.: (+9963222) 72273, факс: (03222) 70915

# БУЙРУК / ПРИКАЗ

«25» 02 2020-ж/г № 241 Ош ш.

ОшМУда аудиторияларга орнотулган видеокамералар аркылуу тартылып, дискке жазылган сабактарга негиздүү дидактикалык-методикалык анализ берилгенде гана сабактардын натыйжалуулугу, билимдин сапаты жогорулашы мүмкүн. Учурда аккредитациялык иштерде (өздүк баалоонун отчетторун экспертизациялоо, университеттин масштабында текшерүүлөр, методикалык конкурстар ж.б. пландуу иштер) жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу дисктерди көрүп, анализдөөгө АББСДнын адистери жетише албай жатышат. Бул жумуш атайын тандалган методист-эксперттерге тапшырылсын. Ушундай эксперттик топ төмөнкүдөй ыкма менен тандалып алынсын. Тандоо 3 этапта жүргүзүлсүн.

- 1-этап: эксперт болууга талапкерлерди резюмеси боюнча ылгоо (1-тиркеме резюменин үлгүсү).
- 2-этап: эксперттик сынак (1-этаптан өткөн талапкерлер үчүн атайын сынак).
- 3-этап: эксперттерди окутуу (2 күндүк программа боюнча, 2-эаптан өткөндөр үчүн)

3-этаптан өткөн конкурстун катышуучуларына “эксперт-методист” деген сертификат берилет (үлгү тиркелет)

***Негизи**: АББСДнын директору М. Алтыбаеванын билдирүүсү ректор К.Г.Кожобековдун колу менен тастыкталган.*

**ОшМУнун ректору, доцент:** **К.Г.Кожобеков.**

*Макулдашылды:*

КБнын начальниги: Турдубаева Г.

Укук иштер бөлүмүнүн башчысы : Мойдунов А .

*Даярдаган:Толубаева Н.*